*атоочтордун бул же бигил түрү ж.б.) астын кара карандаш менен сызууга уруксат берилет.*

*Жазуунун түрүнө жана мазмунуна карата жалаң гана окуучулардын аткарышка жазуу иштерине гана эмес мугалимдин өзүнүн жазуусуна да белгилүү талаптар коюлат.*

*1-7- класстын окуучулары экиден жумушчу дептер, бирден текшерүү иштери үчүн дептер (12 барактуу) күтүшөт. 1-5- класстын окуучуларынын дептерлери ар бир сабактан кийин, 6- класстын окуучуларынын дептерлери окуу жылынын 1- жарымында ар бир аткарган иши үчүн, 2- жарымында жумасына 2 жолу, 7- класста жумасына бир жолу, 8-11- класста 2 жумада бир жолу, конспектилери айына бир жолу текшерилип, баалануусу керек.*

*Катасы мугалим тарабынан оңдолгон айрым сөздөрдүн тизмегин ошол эле аткарылган иштин астына мугалимдин оңдогонундай кылып окуучу катасыз кылып көчүрүп жазат:*

- каталарды оңдоодо тамгаларды кабатташтырып жазууга болбойт.
- так, даана жазылбаган сөздөрдү сызып коюу керек.
- бардык оңдоолорду талаа сызыгында көрсөтүү.
- Тигил же бул тамгалардын туура жазылышын же сөздөрдүн кандай жазылышын көрсөтүү.
- Ишти баалоо.
- Окуучуга эмне кылуу керектиги жөнүндө түшүнүк (көрсөтмө) берүү.

*Мугалимдин дептердеги бардык оңдоолору, эскертүүлөрү жана ишин баалоолору окуучулардын жазуусуна үлгү болуу үчүн туура, даана жана сулуу жазуусу талап кылынат. Дептерде окуучунун класстык иштеринин системасы ошондой эле жазуу жүзүндөгү үй тапшырмаларынын системасы ачык көрүнүп туруу үчүн датаны жазгандан кийин класста иштөө, тема ж.б. жазылат.*

*Мектеп администрациясы мезгил-мезгили менен окуучулардын дептерин текшерип, алардын сапаттуу текшерилүү жыйынтыктарын карайт.*

*Окуучулардын дептерлерин текшерүүдө төмөнкүлөргө көңүл бурулат:*

- дептерлердин жалпы абалы (тазалыгы, дептердин туура толтурулушу).
- үйдө жана класста аткарылуучу иштин көлөмдөрү.
- дептерлердин мугалимдер тарабынан текшерилишинин абалы жана сапаты.
- каталар үстүндө иштөөнүн абалы.
- дептерлерге коюлуучу бирдиктүү талаптардын аткарылышы.
- дептерлердеги мугалимдин көрсөтмөлөрү жана эскертүүлөрү, алардын окуучу тарабынан аткарылышы.

*Окуучуларда текшерүү иштердин, жат жазуулардын, баяндамалардын, л баяндардын дептерлери болот. Бул дептерлерди текшерүүдө бирдиктүү фографиялык эрежелердин сакталышы, жазуу иштерине коюлган алардын обьективдүүлүгү, кетирилген каталардын үстүндө иштөөлөрү зөмөлдөнөт.*

*Аксы райондук билим берүү бөлүмүнүн усулканасы.*

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ОКУУ ПРОГРАММАСЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРУУ ИШИ,ЖАТ ЖАЗУУ,ДИЛБАЯН ЖАНА ИЗЛОЖЕНИЕЛЕРДИН НОРМАТИВДЕРИ.

| № | класс | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Баардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 | - | - | 2 | 2 | 4 |
| 2 | 2 | 3 | 3 | 4 | 3 | 13 |
| 3 | 3 | 3 | 3 | 4 | 3 | 13 |
| 4 | 4 | 3 | 3 | 4 | 3 | 13 |

Жат жазуу боюнча создордун саны

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | - | - | 10 | 20 | |
| | 2 | 20-30 | 30-35 | 35-40 | 40-45 | |
| | 3 | 40-45 | 45-50 | 50-55 | 55-60 | |
| | 4 | 65-70 | 65-70 | 70-75 | 75-80 | |

Окуу темпи (1 минутасына)

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 20-25 | 25-30 | 30-35 | 35-40 | |
| 2 | 50-55 | 55-60 | 60-65 | 65-70 | |
| 3 | 70-75 | 75-80 | 80-85 | 85-90 | |
| 4 | 90-95 | 95-100 | 100-110 | 110-115 | |

Изложение

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | - | - | - | - | - |
| 2 | - | 1 | 1 | 1 | 3 |
| 3 | 2 | 2 | 3 | 2 | 9 |
| 4 | 2 | 2 | 3 | 2 | 9 |

Дилбаян

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | - | - | - | - | - |
| 2 | - | 1 | 1 | 1 | 3 |
| 3 | 1 | 1 | 1 | 1 | 4 |
| 4 | 1 | 2 | 2 | 1 | 6 |

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгон мектептерде орус тили жана адабияты боюнча жазуу иштеринин создорунун жана бааларынын нормативдери

| кл | Кочуруп жазуу | Диктант | Изложение | Дилбаян | Минут. Окуу | Диологдук речь | Монолог. Речь |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | |
| 2 | | 15-20 | | | | | |
| 3 | | 20-30 | | | | | |
| 4 | | 30-40 | | | | | |
| 5 | 30-40 | 50-60 | 50-70 | 25-40 | 40-50 | 4-8 | 5-9 |
| 6 | 40-50 | 60-70 | 70-90 | 40-60 | 50-60 | 4-8 | 5-9 |
| 7 | 50-60 | 70-90 | 90-100 | 60-90 | 60-70 | 4-8 | 5-9 |
| 8 | 70-85 | 90-110 | 100-140 | 80-110 | 70-90 | 4-8 | 5-9 |
| 9 | 85-100 | 110-130 | 140-170 | 110-140 | 80-100 | 4-8 | 5-9 |
| 10 | 100-120 | 130-150 | 170-200 | 140-180 | 100-110 | 8-10 | 9-12 |
| 11 | 120-140 | 150-170 | 200-250 | 180-220 | 100-110 | 8-10 | 9-12 |

Баа коюунун нормативдери

«5» -2 орфографиялык, 1пунктуациялык катадан ашпаса; «4» -3-5 орфографиялык, 2пунктуациялык катадан ашпаса; «3»-7-10 орфографиялык, 3 пунктуациялык катадан ашпаса.

ПРЕДМЕТТЕР БОЮНЧА ЛАБАРАТОРИЯЛЫК,ТЕКШЕРУУ,
ПРАКТИКАЛЫК ЖАНА ЖАЗУУ ИШТЕРИНИН НОРМАТИВДЕРИ.

| № | Предметтер/ класстар | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | | | | | | | |
| | -диктант | 9 | 6 | 6 | 6 | 6 | 4 | 4 |
| | -дилбаян | 8 | 8 | 8 | 8 | 10 | 10 | 10 |
| | -байланыштуу кеп | 31 | 27 | 23 | 22 | 20 | 26 | 15 |
| 2 | Орус тили жана адабияты | | | | | | | |
| | -диктант | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| | -дилбаян | 4 | 8 | 9 | 6 | 7 | 8 | 5 |
| | -изложение | | | | | | | |
| 3 | Озбек тили жана адабияты | | | | | | | |
| | -диктант | 12 | 12 | 8 | 8 | 6 | 2 | |
| | -дилбаян | 6/6 | 6/6 | 5/5 | 5/5 | 2/7 | 7 | 7 |
| 4 | Математика | | | | | | | |
| | -алгебра | 15 | 15 | 12 | 10 | 11 | 6 | 6 |
| | -геометрия | | | 5 | 6 | 4 | 4 | 4 |
| 5 | Физика | | | | | | | |
| | -лаб-к иш | | | | 4 | 4 | 4 | 4 |
| | -прак-к иш | | | 4 | 4 | 4 | 4 | 4 |
| 6 | Химия | | | | | | | |
| | -прак- иш | | | | 8 | 8 | 7 | 6 |
| | -текшеруу иш | | | | 5 | 5 | 4 | 4 |
| 7 | Биология | | | | | | | |
| | -лаб-к иш | | 19 | 17 | 5 | 6 | 5 | 5 |
| | -прак-к иш | | 5 | 1 | | | | |

Кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча диктанттардын, изложениелердин жана Дилбаяндардын создоруну жана бааларынын нормативдери

| Кл | Диктанттын текстинин колому | Изложениелердин текстинин колому | Дилбаяндын текстинин колому |
|---|---|---|---|
| 5 | 100-110 | 100-150 | 150-200 |
| 6 | 110-120 | 150-200 | 200-250 |
| 7 | 120-130 | 200-250 | 250-300 |
| 8 | 130-160 | 250-300 | 300-350 |
| 9 | 160-180 | 350-400 | 350-450 |
| 10 | 180-200 | 450-550 | 450-550 |
| 11 | 200-220 | 550-600 | 550-650 |

Программные требования к речевым умениям учащихся по иностранному языку

| Класс | Аудирование | Диолог. речь | Монолог. речь | Чтение |
|---|---|---|---|---|
| 4 кл | Понимание речи учителя | 3 реплики | 5 фраз | Читать с полным пониманием |
| 5 кл | Длительность звучания 1 мин. | 4 реплики | 7 фраз | 250 печатнг.знаков в минуту, 2%незнакомых слов |
| 6 кл | 1% незнакю., до 2 мин. Звуч. | 5 реплики | 9 фраз | Про себя 350 печатн. знаков, 300 знаков вслух |
| 7 кл | 2% незнак., 2 мин. | 6 реплики | 10 фраз | 3% незнак. слов, 400 зн. в минуту |
| 8кл | 3% незнак., 2 мин | 6-7 реплики | 9-10 фраз | 2% незнак. слов, 400 знак. в мин |
| 9 кл | 3% незнак., 2,5 мин. | 7-8 реплики | 10-11 фраз | 4% незнак. слов, 1,500зн. В час |
| 10-11 кл | 3% незнак., 3 мин. звучания | 8-10 реплик | 10-11 фраз | 6%незнак. слов, 1,700 зн. В час |

## Мектеп окуучуларынын дептери жана ага коюлуучу талаптар.

**(Усулдук көрсөтмө)**

*Окуучулардын дептерлери – предметтер боюнча алардын окуу ишмердүүлүктөрүн чагылдырган милдеттүү түрдөгү колдонулуучу атрибут. Окуучунун дептеринин сырткы көрүнүшүнө карап окуучунун аткарган ишинин сапаты, мугалимдин ишинин сапатын баамдоого болот. Дептерди талапка ылаык сактоону окуучуларды эмгек тартибине тарбиялоочу каражат катарында кароо керек. Окутуу жана тарбиялоо ишинде жогоруда айтылгандай олуттуу мааниси окуучуну да, мугалимди да бир талапты аткарууга милдеттеднирет. Дептердин сырткы көрүнүшү бардык окуучуларда бирдей окшоштукта болууга тийиш. Дептердин сыртына окуу прдметинин аты, классы, мектеби, окуучунун фамилиясы, аты толук жана даана (орус тили сабагынан орус тилинде окуучунун фамилиясы жана атына таандык мүчөсү улануу менен) жазылат. 1- класста дептердин сыртындагы жазуулар мугалим аркылуу, ал эми 2-4- класстарда көрсөтүлгөн үлгүнүн негизинде окуучулар аркылуу толтуулат.*

*1-класстын окуучуларынын дептерлеринин (1-2- класстын окуучулары үчүн жантык, жардамчы сызыктуу, кичине жолдуу) сыртына "жазуу" ал эми 2-4- класстын дептерлерине (3- класстын окуучулары үчүн кичине жолдуу) "кыргыз тили" деп жазылат. Окуучулар 4- класстан баштап чоң жолдуу дептерлерге жаза башташат. Окуучунун класстык жана үйгө берилген тапшырмаларды жаза турган"айлампа" дептери болот, дептерлер сыя түстүү калемсап менен гана жазылат.*

*Жазуу иштерин аткарууда кызыл сап (абзац) милдеттүү түрдө сакталуусун мугалим милдеттүү түрдө талап кылат. Ал демейдеги саптан оң жакка бир сантиметр егинүү менен башталат. Дептердин оң жагындагы эки сантиметр келген бош тилке (талаа) дайыма калтырылат. Бул талаага мугалим тарабынан эскертүүлөр, көрсөтмөлөр жазылат. Күндүн датасы кыргыз тили сабагында 2- класстан баштап сөз менен, башка сабактарда сан менен жазылат. Мындай жазуулар сандарды, ирettик сандарды туура жазууга жардам берет. Датанын алдына аткарылуучу иштин түрү көрсөтүлөт: көнүгүү, жат жазуу, баяндама , дил баян ж.б. көнүгүүнүн жана иштин номери жазылат.*

*Дептердин ар бир бети барагына чейин жеткире толук жазылат. Эгерде андан кийинки аткарылуучу көнүгүүнүн аягында датасын жана иштин атын (класста же үйдө) жазууга туура келсе, анда бир, эки сапты бош калтырууга болот, анткени теманы мазмунунан ажыратып коюу талапка ылайык келбейт. Дептерде окуучунун класстык иштеринин системасы ошондой эле жазуу түрүндөгү үй тапшырмаларынын системасы ачык өрүнүп турсун үчүн датаны жазгандан кийин класста иштөө, тема ж.б. жазылат. Ар бир сабактагы жазуу ишинен соң жазуу сабагында бир сап, математика сабагында төрт сап калтырып жазуу талап. Мугалим окуучуларды чийбей, туура, сулуу жана таза жазууга үйрөтүү менен гана чектелбестен, дептерлердин тышын таза күтүүгө, анын барактарын бырыштырбай, бүктөбөй, жыртпай дептер толук толмоюнча жазуусун көзөмөлдөө керек. Мугалим тарабынан кызыл сыя менен гана текшерилет.*

*Тапшырманы аткаруу учурунда сөздөгү айрым тамгалардын, сөздөрдүн өлүгүнүн (уңгу, мүчөсү) жана бүтүндөй сөздөрдүн (сүйлөм мүчөлөрү,*